Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№21 [17017] ИШЕМБИ, 18/07/2026



NABU КЫРГЫЗСТАН: ЖАРАТЫЛЫШ САКЧЫЛАРЫНЫН КҮЖҮРМӨН ЭМГЕГИ

4-5-беттерде

ЭЛДИН ИШЕНИМИН АКТАГАН ЖЕТЕКЧИ



8-бетте

Сынактан жеңген “Ош жаңырыгы” эми спортту жазат



3-бетте

Түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө



3-бетте

ПЕНСИЯЛАР УБАГЫНДА БЕРИЛҮҮДӨ



2-бетте

“Ош жаңырыгы” сиздер менен!

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

ИНФРАТҮЗҮМДҮК ДОЛБООРЛОР КАРАЛДЫ

Жакында КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.Кенжебаев, КР Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча атайын өкүлү Б.Төрөбаев Кара- Суу жана Өзгөн райондорундагы стратегиялык маанидеги 3 обьектти жеринен карап, долбоолордун жүрүшү менен таанышты.





Долбоордо каралган Куршаб айыл аймагын айланып өтүүчү 8 км. жолду куруунун максаты тыгынды азайтуу жана жол коопсуздугун жогорулатуу болуп саналат. Алдын ала схемасы даяр, долбоордук сметалык документтер иштелип жатат. Мамлекеттик экспертизадан өткөндөн кийин курулушу башталат.

Ал эми Мадыдагы 153,9 га өнөр жай тармагындагы логистикалык борбордун курулушу менен жумуш орундары түзүлөт жана инвесторлор тартылат. Аталган жер өнөр жай категориясына которулду жана 6 га жерге арматура чыгаруучу заводдун курулушу башталды.

Ошондой эле Курбан-Карадан Ынтымак КППга чейин жол реконструкцияланат. Долбоор боюнча аталган жайга 6,9 км.болгон 4 тилкелүү автожол реконструкцияланат.

Долбоолор облустун траснпорттук логистикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, социалдык экономикалык өнүгүүгө зор салым кошот.

К. Кыдыралиева.

Прокурордук көзөмөл

Мамлекетке келтирилген зыян өндүрүлдү

2026-жылдын 1-жарым жылдыгында Транспорттук прокуратурасы тарабынан мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы тууралуу маалымдайбыз.

2026-жылдын 6 ай ичинде Транспорттук прокуратурасы тарабынан мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча жүргүзүлгөн 16 текшерүүнүн жыйынтыгы менен 91 мыйзам бузуулар аныкталып, аларды жоюу максатында жалпысынан 33 прокурордук чара көрүү актылары келтирилген.

Тактап айтканда, ченемдик-укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө 15 сунуштама, 3 талап келтирилип, 11 кызмат адамына карата укук бузуу боюнча өндүрүш иши козголуп, укук бузуу жөнүндө иш боюнча жаза чарасын колдонуу жөнүндө 1 токтом жокко чыгарылып, сот органдарына 1 доо арыз келтирилген жана 2 кылмыш иши козголгон.

Ал эми, келтирилген прокурордук актылардын негизинде 31 кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылышып, 1 кызмат адамына карата айып пул салынган, андан тышкары мамлекетке келтирилген 18 084 289 сом зыян акчалай түрдө өндүрүлгөн.

Транспорттук прокуратурасы аталган багытта мындан ары дагы көзөмөлдү күчөтүп, иш алып барат.

А.А.Туменбаев, Транспорттук прокурорунун жардамчысы.

Социалдык камкордук

ПЕНСИЯЛАР УБАГЫНДА БЕРИЛҮҮДӨ

Сатыбалдиев Байдоолот Топчубаевич Ноокат райондук Социалдык фонд башкармалыгын көп жылдардан бери үзүрлүү жетектеп келе жатат. Аталган Социалдык фонд башкармалыгында пенсионерлерге пенсия төлөө багытында кандай иштер аткарылып жаткандыгы туурасында сөз кылабыз.



Ноокат райондук Социалдык фонд башкармалыгында 2026-жылдын 30-июнуна карата 32 780 пенсионер катталган жана аларга пенсия толук төлөнүп берилди. Бул пенсионерлердин ичинен 29 148 пенсионер пенсиясын банк аркылуу алышат жана 3632 пенсионер почта аркылуу алышат. 2025-жылдын 6 айында жалпысы болуп пенсияга 1 млрд. 965 млн. 754 миң 353 сом акча каражаты керектелип, бардыгы төлөнүп берилди. Анын ичинен «Кыргыз Почтасы» мамлекеттик ишканасынын райондук филиалы аркылуу 260 млн. 485 миң 940 сом, банктар аркылуу 1 млрд. 705 млн 268 миң 413 сом төлөнүп берилди. 2026-жылдын 6 айында жалпысы болуп пенсияга 2 млрд. 085 млн. 425 миң 532,37 сом акча каражаты керектелип, бардыгы төлөнүп берилди.

2026-жылдын 6 айында 2025-жылдын 6 айына салыштырганда пенсиянын көлөмү 119 млн. 671 миң 179,37 сомго көп төлөнгөн. 2026-жылдын 6 айында пенсия чектөө бөлүмүнөн билдирүү менен 849 пенсиялык иш кагаз келип катталып, өз убагында төлөөгө берилген. Анын ичинен 638 жаңы дайындалган пенсиялык иш кагаз, ал эми калгандары майыптыгы, багуучусунан ажырагандыгы боюнча пенсия алуучулардын алып келген маалыматтарынын негизинде төлөө баракчаларынын мөөнөттөрү узартылды.

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду боюнча 2025-жылдын 6 айында 2%дык топтолгон акча каражаты жалпысы болуп 8 млн. 046 миң 618 сом төлөндү, анын ичинен пенсионерлерге төлөнүүчү сумма 7 млн. 536 миң 972 сом, мураскорлорго 484 миң 739 сом төлөндү. Ал эми оорусу боюнча 24 миң 907 сом төлөндү. Аталган мезгилде 2%дык топтолгон акча каражаты жалпысы болуп 4 млн. 341 мин 845 сом төлөндү, анын ичинен пенсионерлерге төлөнүүчү сумма 3 млн. 606 миң 714 сом, мураскорлорго 735 миң 731 сом төлөндү. Бүгүнкү күндө пенсиялар айма-ай өз убагында төлөнүп жатат, өткөн айлардан карыздары жок.

2025-жылдын 1-июлуна карата жалпы пенсионерлердин саны 32857 адамды түзүп анын ичинен 26251 пенсионер жаш курагы боюнча, 5046 майыптыгы боюнча, 1510 пенсионер багуучусунан ажырагандыгы боюнча пенсия алышууда. 2026-жылдын 01-июлуна карата жалпы пенсионерлердин саны 32780 адамды түзүп, анын ичинен 26108 пенсионер жаш курагы боюнча, 5103 майыптыгы боюнча, 1569 пенсионер багуучусунан ажырагандыгы боюнча пенсия алышат.

Өзгөчө эмгеги сиңген пенсионерлердин саны 10 адам. Баатыр Энелер 1885 пенсионер, жыл башынан бери 2026-жылдын 01-июлуна карата башка район, шаарларга көчүп кеткендер 20 пенсионер, ал эми ааламдан өткөндөр 441 пенсионер. Жаңы пенсияга чыккандар 572 пенсионерге пенсия чегерүүлөр болгон.

Ноокат райондук Социалдык фонд башкармалыгынын пенсия бөлүмүндө 8 кызматкер эмгектенет, бир бөлүм башчы, эки башкы адис,үч жетектөөчү адис, дагы тиешелүү эки адис. Бүгүнкү күндө 32780 пенсионер пенсия алышууда, ар бир кызматкер 4683 пенсионерди тейлейт.

Жекече эсепке алуу жана камсыздандыруу төгүмдөрүн эсепке алуу бөлүмү, Мамлекеттик салык кызматы менен иш алып баруу бөлүмү тарабынан 2026-жылдын 1-мартына карата юридикалык жана физикалык камсыздандыруу төлөмдөрдү төлөөчүлөрдүн камсыздандыруу төлөмдөрүнүн эсептик ведомстволору, камсыздандыруу полистери атайын программага өз убагында киргизилип жатат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын 2019-жылдын 1-апрелдеги №83 буйругу жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун №87-п буйругунун негизинде: акт –текшерүүлөр, форма №098, эсептик маалымат №3 тиркемеси жана башка формадагы таблицаларды толтуруу боюнча иш алып барылууда.



Ноокат райондук мамлекеттик салык кызматынан АСВ програмасына келген камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөчүлөрдүн эсептик ведомстволору боюнча айтсак, ишкана-мекемелерден 3197 эсептик ведомстволор келген. Анын ичинен 3197 эсептик ведомство кабыл алынып, атайын программага киргизилген. Дыйкан -фермердик чарбалардан эсептик ведомосттору 7499 санда келген. Анын ичинен 4382ү кабыл алынып атайын программага киргизилген болсо, 3117си эсептик ведомосту туура болбогондуктан кайтарылган.

Камсыздандыруу полиси 10053 даана келген болсо, бардык полистер 10053 даана жана атайын программага киргизилди. Бүгүнкү күндө жогору жактан келген буйруктар өз убагында аткарылууда.

1998-жылдын 22-декабрындагы № 154 “Кыргыз Республикасынын милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече эсепке алуу” жана 2011-жылдын 4-июлундагы № 78 “Кыргыз Республикасында Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндөгү” Мыйзамдарынын негизинде иш алып барылат.

Бурма Ысакова.

Сынактан жеңген “Ош жаңырыгы” эми спортту жазат



“Ош жаңырыгы” гезити акыркы жылдары спорт тармагындагы мамлекеттик маалыматтык саясатты колдоо багытында системалуу иштерди аткарып келди. Айрыкча “2026–2034-жылдарга Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүүнүн улуттук программасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын алкагында, футбол темасын коомчулукка жеткирүүдө анын социалдык маанисин, коомчулукта бириктирүүчү күчүн жана жаштарга тийгизген таасирин кеңири чагылдырууга басым жасап келет. Гезит беттеринде, өзгөчө гезиттин сайты менен социалдык тармактарында улуттук жана аймактык деңгээлдеги футбол жаңылыктары үзгүлтүксүз жарыяланып турду. Айрыкча ички чемпионаттагы клубдар аралык оюндар, аймактар алык клубдардын атаандашуусу, башкы машыктыруучулардын тактикалары, оюнчулардын даярдыгы, күйөрмандардын каалосу жана оюу кенен жарыяланып, Кыргызстанда футболго салынган мамлекеттик инвестициялардын натыйжасында ондогон стадиондор реконструкциядан өтүп, бир нече стадион жаңы курулганын кылдат талдап, репортаж жанрында макалаларды тынымсыз чыгарып жатабыз. Аны менен кошо эле кыргыз футболунда билинерлик өсүү болгонун, клубдардын саны 10дон 16га чейин көбөйгөнү – ички чемпионаттын потенциалын дагы да жогорулатканы боюнча маалыматтарды тынымсыз жарыялап келебиз. Бул да болсо биздин редакциянын кыргыз спортуна, айрыкча футболуна кошкон азын-оолак салымы деп билебиз.

Мындан тышкары, спорт аркылуу коомдук диалогду күчөтүүгө багытталган тематикалык макалалар даярдалып турду. Анда спорттун кайсыл гана түрү болбосун ийгиликке жетишип, тынымсыз мээнеттин артында дүйнөлүк ареналарда Кыргызстандын байрагын желбиретип жүргөн спортчулар боюнча макала, маек, баяндама жасоо менен алардын өрнөктүү жолун элге жеткирип келүүдөбүз.

Аны менен кошо “Ош жаңырыгы” гезити акыркы жылда эле эмес, 88 жылдык тарыхында спорт темасындагы аналитикалык макалаларды да даярдап келген. Анда спорттун бир канча түрлөрүнүн тарыхы, эрежелери жана маданияты тууралуу түшүндүрмө материалдар жарыяланып, окурмандардын билим деңгээлин жогорулатууга көңүл бурган. Гезиттин бул багыттагы ишмердүүлүгү спортту позитивдүү чагылдыруу менен коомдук аң-сезимди өнүктүрүүгө багытталган.

Гезит мындан ары аймактык улуттук футбол мелдештери, спорттук башка иш-чаралар тууралуу репортаждарды даярдап, жергиликтүү деңгээлдеги спорттук активдүүлүккө басым жасайт. Социалдык тармактар аркылуу да окурмандар менен байланыш күчөтүлүп, интерактивдүү талкууларды, микровидеолорду, макала, маек, фото баяндар уюштурулат.

Анан калса, аймактык спортко көбүрөөк көңүл буруу менен күчтүү спортчуларды өстүрүп чыгууга болот. Биздин максат – ушул жаатта болуп, спорттун кайсыл гана түрү болбосун, мейли футбол, мейли волейбол, мейли бокс, таэквандо, айтор бардык багыт боюнча репортаждарды даярдап, аны менен спорт тармагын көтөрүүгө салым кошкубуз келет. Дегенибиз азыркы учурда мамлекет басым жасаган олимпиадалык спорттун түрлөрү өзгөчө өнүгүп, спортчуларыбыз эл аралык жана дүйнөлүк мелдештерде байгелүү орундарды алып кайтууда. Ушул жана башка маселерди ийне-жибине чейин калтырбай жазып жүрүп, биздин гезит Мадания, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги уюштурган спорт жаатындагы сынагынын жеңүүчүсү болдук. Андыктан, алдыңкы спорт адистеринин, спортчулардын, коомдук ишмерлердин, күйөрмандардын катышуусу менен коомдук диалогду уюштуруу жана футболду позитивдүү чагылдыруу жаатында талыкпай иштей берерибизге ишенебиз. Бул аракеттер коомдук диалогду кеңейтүүгө жана спортту кеңири аудиторияга жеткирүүгө шарт түзмөкчү.

Бексултан Мамытов.

101 эскертет

Түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө

Жыл сайын Ош шаардык Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн ӨӨААжАКИБнүн кызматкерлери кылкандуу дан эгиндерди жыйноо учурунда өрт өчүрүү жана алдын алуу боюнча өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн бир топ иштерди жүргүзүшүп келе жатышат.

Ушул максатта атайын үгүт-насаат иштери жүргүзүлүп, өстүрүлгөн дан эгиндерди орттөн сактап калуу үчүн өрт коопсуздугунун эрежелерин так сактап жана аткаруу зарыл.

Дан эгиндери бышкан жана аны жыйноо учурунда эгин талааларын жөө жана атчан кароолчулар менен камсыз кылу зарыл.

Ар бир эмгекчи, комбайнчы, штурвалчы, трактор чу, машина айдоочу жана башка түшүм жыйноого тартылгандардын бардыгы өрткө каршы инструктаждан кол коюп өтүп, аны так сактоого жана аткарууга тийиш.



Дан массивдери чабылуучу ар бир участкада кокустан өрт чыгып кетпес үчүн сокосу илинген трактор даяр турушу зарыл. Участкалардын арасына убактылуу талаа стандары жасалат, бирок алар эгин талаасынан, кырман, үймөктөрдөн 100 метрге алыс болууга тийиш. Талаа стандарын тегерете 5 метр эндүүлүктү айдап коюу керек. Айыл чарба машиналарынын түтүн чыгуучу турбаларын учкун чыгарбай турган ишенимдүү жабдуулар мененжабдыш керек. Ал эми оруу-жыюу машиналарын жана агрегаттарын ремонттоочу жайлар эгин массивинен 30 метр алыс болуусу зарыл.

Азыркы тапта Ош шаарынын Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн ӨӨААжАКИБнүн офицердик курамы тарабынан өрттөрдү азайтуу жана өстүрүлгөн кылкандуу дан эгиндерин өз убагында коромжусуз жыйнап алууну уюштуруу максатында иштер алынып барылууда. Чарба обьектилеринде, айыл өкмөттөрүндө, эгин талааларында жана башка мекеме- ишканаларда өрткө каршы мазмундагы лекциялар, инструктаждар жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

К. Кыдырбаева,
КР ӨКМнин Ош шаардык башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн офицери, майор.

Жарыялар

Акционерлердин чогулушу болот

“Ош-Дюбек”ААКму акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун жарыялайт. Чогулуш 2026 -жылдын 19-июль күнү саат 11:00дө Бишкек шаары, Киев көчөсү -77/107 дарегинде өтөт.

Күн тартиби:

1.Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.

2. Чет элдик ишкерлер менен келишимдерди түзүүгө макулдук берүү (ЖЧК “ Кытай – Кыргызстан” эл аралык тамеки компаниясы жана башка ишкерлер менен).

Акционерлерди 2026 –жылдын 19-июль күнү саат 11:00дө каттоо башталат. Акционерлердин жанында паспорту, акционерлердин өкүлдүрүнүн ишеним каты жана паспорту болушу керек.

Акционерлердин чогулушу болот

Урматтуу “Кыргыз-Ата куруучу” ААК акционерлери!

2026-жылдын 10- августунда саат 11:00дө “Кыргыз-Ата куруучу” ААКнын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушу өткөрүлөт.

Дареги: Ноокат шаары, Гулистан айыл аймагынын кеңсеси.

Күн тартиби:

1.Эсептөө комиссиясын шайлоо.

2. “Кыргыз-Ата куруучу” ААКына караштуу Ноокат районунун Т.Зулпуев айыл өкмөтүнүн Барын айылында жайгашкан 0,6225 га жер аянтын (мүлктүк комплексин) сатуу жөнүндө.

3. Көз карандысыз баалоочунун отчетун бекитүү.

4. “Кыргыз-Ата куруучу” ААКнын акцияларына соттук териштирүүлөр бүткөнгө чейин камака коюу (арест салуу) боюнча.

5. “Кыргыз-Ата куруучу” ААКнын директорлор кенешинин бир мүчөсүн кайра шайлоо.

АУКЦИОН

Кара-Суу райоунун Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн Отуз-Адыр айылында жайгашкан КБФнун №919-контурдагы 10 га бак жер аянты жана Кызыл -Абад айылындагы №261- контурдагы 6 га бак жер аянты аукцион аркылуу ижарага берилет.

Аукцион 2026- жылдын 19- августунда саат 15:00дө Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт.

ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТАБЫЛСЫН

Абжамилов Алымбек Жаныбековичке таандык Ош мамлекеттик университетин бүтүргөндүгү тууралуу 1995- жылдын 17 -июлунда берилген АВ №03016, катталуу номери 27 сандуу болгон дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Финляндия мамлекетинин жараны Peeti Patrik Saarinenдин Финляндия мамлекетинин жарандыгы туралуу паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Абдыкалыкова Элиза Кочкорбаевнага таандык Ош технологиялык университетин бүтүргөндүгү тууралуу 2024- жылдын 5- августунда берилген УБ №240338804, катталуу номери 802 сандуу болгон дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Эргешова Батма Жапаровнага таандык Ош мамлекеттик педагогикалык институтун (азыркы Ош мамлекеттик университетин) артыкчылык менен бүтүргөндүгү тууралуу 1987-жылы 26- июнда берилген каттоо №347 болгон СВ № 119312 дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2022-жылы ОшМУ тарабынан Абдыкасымова Замира Абдыкасымовнага берилген ТМ № 220800345, каттоо № 2783 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1988-жылы Фрунзе политехинститутунун Оштогу филиалы тарабынан Жусупова Гульбара Таштановнага берилген № ТВ-I 125, 112 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Сатыбалдиева Саламат Абдуллаевнага таандык Ош мамлекеттик университетин бүтүргөндүгү тууралуу 1993- жылдын 29-майында берилген ТВ-I, №142997, катталуу номери 129 сандуу болгон дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

“А- Транс Холдинг” ЖЧКга (ИНН:01903201810174) таандык:

1.Казакстан 3 тараптуу- №756407;

2.Түркмөнстан 2 тараптуу жана транзит -№№344737, 344734;

3.Россия 3 тараптуу - №№303678, 303194;

4.Азербайжан 2 тараптуу жана транзит-№2216364;

5.Турция 3 тараптуу – №67465;

6.Өзбекстан 3 тараптуу-KG –UZ-2026-3-2972 (20659).

7. KGZ / UZB/КНР- үч тараптуу жүк ташуу- 0009972 , 0009025 сандуу жүк ташуу боюнча берилген уруксат кагаздары (дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Айтанов Данияр Таалайбековичке (ИНН:22201199001320) таандык Кытай Эл Республикасына жүк ташуу боюнча берилген №31686 сандуу уруксат кагазы (дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

NABU КЫРГЫЗСТАН: ЖАРАТЫЛЫШ САКЧЫЛАРЫНЫН

Жаратылыш – адамзаттын эң кымбат мурасы. Аны сактоо бүгүнкү күндүн гана эмес, келечек муундардын алдындагы да чоң жоопкерчилик. Кыргызстанда бул багытта үзүрлүү иш алып барып жаткан NABU Кыргызстан уюму өлкөнүн жаратылышын, анын ичиндеги илбирсти коргоо, браконьерчиликке каршы күрөшүү, биологиялык ар түрдүүлүктү изилдөө жана элге экологиялык билим берүү иштерин системалуу жүргүзүп келүүдө. Жаратылышты сактоо боюнча жүргүзүлүп жаткан бул иштер экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга жана коомдун келечегине кызмат кылган маанилүү демилге экенин көрсөттү. Алдыда уюмдун акыркы айларда аткарган иштери тууралуу кенен маалыматтарды сунуштайбыз.

“Барс” тобу – браконьерлерге каршы



NABU Кыргызстан уюмунун «Барс» тобунун негизги жумушу – жаратылыштагы жапайы жаныбарларды, мунун ичинен илбирсти жана анын жашоо чөйрөсүн коргоого багытталган. Бул топтун кызматкерлери КР Экология министрлигинин аймактык башкармалыктары менен биргеликте өлкөнүн дээрлик бардык аймагында мыйзамсыз аңчылыкка каршы тынымсыз масштабдуу рейддерди өткөрүп келишет. Ошондой эле жергиликтүү эл арасында жаратылышка аяр мамиле кылууга үгүттөгөн түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт.

Аталган топ апрель айында Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында ак илегилекти жыл сайын эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү иштерине катышып, аны менен катар аймакта мыйзамсыз аңчылыкка каршы рейддик иш-чараларды өткөрүп, байкоолорду жүргүзүштү.

Ал эми май айында Чүй облусунун Ысык-Ата жана Кемин райондорунда өткөрүлгөн рейддердин жыйынтыгында мыйзамсыз балык уулоонун фактылары аныкталып, шектүү жарандарга административдик чара көрүлүп, айыппулдар салынды. Ошол эле учурда жергиликтүү тургундарга жаратылышты коргоо мыйзамдарын сактоо жана экологиялык жоопкерчиликти сезе билүү керектиги тууралуу кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мындан сырткары, июнь айында уюмдун Бишкектеги башкы кеңсесинде Бүткүл дүйнөлүк айлана-чөйрөнү коргоо күнү жана Кыргыз Республикасынын Айлана-чөйрөнү коргоо күнүнө карата жаратылыш сакчыларынын катышуусунда тегерек стол өткөрдү. Ага КР Экология министрлигинин Чүй регионалдык башкармалыгынын өкүлдөрү, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жана Аламүдүн районунун аңчылык боюнча адистери, егерлери, «Чоң-Кемин» жаратылыш паркынын, «Кара-Кужур» жана «Көл-Үкөк» ак илбирс коомдук бирикмелеринин өкүлдөрү, ошондой эле Кочкор районундагы Сөөк жамаатынын өкүлдөрү катышты. Анын жүрүшүндө жаратылышты коргоо, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын натыйжалуу башкаруу жана браконьерчиликке каршы күрөшүү маселелери талкууланды.

Андан соң Талас, Чүй жана Ысык-Көл облустарында өткөрүлгөн рейддерде мыйзамсыз балык уулоо жана аңчылык боюнча бир катар мыйзам бузуулар аныкталып, тиешелүү айыппулдар салынды.

“Барс” тобунун мындай рейддери мыйзам бузууларды аныктоо менен гана чектелбестен, коомчулуктун жаратылышка болгон жоопкерчилигин жогорулатууга да чоң салым кошот. Жапайы жаныбарларды жана алардын жашоо чөйрөсүн сактоо, мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү жана экологиялык маданиятты өнүктүрүү – өлкөнүн жаратылыш байлыктарын келечек муундар үчүн сактап калуунун эң маанилүү шарттарынын бири болуп саналат.

“Барс-2” тобу – мыйзамсыз аңчылык менен күрөшөт



“Барс-2” тобу негизинен өлкөнүн түштүк аймактарында иш алып барат. Уюмдун түштүк бөлүмдөгү бул топтун кызматкерлери да мамлекеттик тиешелүү органдардын өкүлдөрү менен биргеликте Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарынын бир катар райондорунда мыйзамсыз аңчылыкка каршы рейддик иш-чараларды өткөрүштү. Рейддер Ош облусунун Кара-Суу, Араван, Ноокат райондорунда, Баткен облусунун Кадамжай районунда жана Жалал-Абад облусунун Сузак, Токтогул, Тогуз-Торо райондорунда уюштурулуп, жергиликтүү тургундарга жаратылышты жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Көпчүлүк рейддерде мыйзам бузуулар катталган жок, бирок Ош шаарында мыйзамсыз кармалган бөдөнөлөр үчүн 10 миң сом, Ноокат районунда мыйзамсыз балык уулоо фактысы боюнча миң сом, дагы бир мыйзам бузуу фактысы үчүн 2 миң сом өлчөмүндө айыппулдар салынды.

Апрель айында кызматкерлер өткөн жылы орнотулган фотокапкандарды алып, алардагы маалыматтарды илимий изилдөө үчүн чогултушту. Ошондой эле түштүк аймактарында илек-илек куштарына кезектеги мониторинг жүргүзүлүп, алардын санын жана таралышын аныктоо иштери жүргүзүлдү.


Май айында Ош жана Жалал-Абад облустарындагы фотокапкандардан алынган материалдарды талдоо жүргүзүлүп, анда илбирс, сүлөөсүн, каман, куран-элик, эчки-теке, түлкү жана башка жапайы жаныбарлар катталганы аныкталды. Алынган маалыматтар жапайы жаныбарлардын таралышын жана жүрүү багыттарын изилдөөдө пайдаланылып, жаңы мониторинг иштерине негиз болду. Ошондой эле бул айда мыйзамсыз аңчылыкка каршы кошумча рейддер уюштурулуп, жергиликтүү тургундар арасында экологиялык түшүндүрүү иштери күчөтүлдү.

Июнь айында Бүткүл дүйнөлүк айлана-чөйрөнү коргоо күнү белгиленип, мамлекеттик өнөктөш мекемелер менен биргеликте майрамдык иш-чара өткөрүлдү. Мындан сырткары, фототузактарды орнотуу жана пайдалануу боюнча түштүк бөлүмдүн кызматкерлери үчүн практикалык окуулар уюштурулуп, биотүрдүүлүктү изилдөө иштерин өркүндөтүүгө багытталган жаңы пландар иштелип чыкты. Бул мезгилде фототузактар аркылуу дагы бир катар жапайы жаныбарлардын жаңы сүрөттөрү алынды.

“Мониторинг” бөлүмү – табият сырларын ачат



Уюмдун “Мониторинг” бөлүмүнүн кызматкерлери өлкөдө биологиялык ар түрдүүлүктү изилдөө, жапайы жаныбарларга жана канаттууларга мониторинг жүргүзүү, ошондой эле фототузактарды орнотуу жана алынган материалдарды талдоо боюнча комплекстүү талаа иштерин жүргүзүп келишет.



Бул бөлүмдүн акыркы үч айда аткарган иштеринин негизгилери болуп, Жалал-Абад, Ош жана Баткен облустарынын аймагында илек-илекке (ак кунас) кеңири масштабдагы мониторинг жүргүзгөнүн айтса болот. Мындай экспедиция 2024-жылы да өткөрүлгөн. Ал эми быйылкы иш-чаранын жыйынтыгында бардык көрсөткүчтөр боюнча мурдагы эсепке салыштырмалуу оң өсүш байкалганы аныкталды. Айрыкча Кадамжай, Кызыл-Туу, Базар-Коргон жана Араван райондорунда уялардын саны көбөйүп, түрдүн туруктуу популяциясы сакталгандыгы жана уялоо аймактарынын кеңейгени белгиленди.

Ал эми фототузактар боюнча өзүнчө кеп кылса болот. NABU Кыргызстан уюмун өлкөнүн жаратылышына мониторинг жүргүзүү ишин өзгөчө белгилеп өтүү керек. Анткени буга чейин өлкөнүн бир канча аймагына фототузактарда орнотуп, андан жапайы жаныбарлардын сүрөттөрү менен видеолорун алышты. Ал фото-видео маалыматтар адистер тарабынан тыкыр анализденип, аймактагы жапайы жаныбарлардын таралышы, жүрүү багыттары жана саны боюнча маалыматтар такталып жатат.



Мисалы, өткөн жылы Чүй, Ош жана Жалал-Абад облустарындагы мамлекеттик жаратылыш парктарга, коруктарга, капчыгайларга, бийик тоолуу жайлоолорго орнотулган фототузактардан илбирс, аюу, сүлөөсүн, карышкыр, түлкү, эчки-теке, бугу-марал, куран-элик, каман, бүркүт, улар сыяктуу ж.б. ондогон жаныбарлардын, канаттуулардын түрлөрү түштү.

Фототузактарды орнотуу – жапайы жаныбарларга мониторинг жүргүзүү ишинин алкагында сейрек кездешүүчү жаныбарлардын, анын ичинде илбирстердин сүрөттөрүн да алып, алардын саны, таралышы жана жашоо чөйрөсү тууралуу илимий маалыматтарды топтоого мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкма жаныбарларды үркүтпөй байкоо жүргүзүүгө, алардын кыймыл-аракетин изилдөөгө жана жаратылышты коргоо боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга жардам берет.

Ошентип, “Мониторинг” бөлүмү жапайы жаныбарлардын жана канаттуулардын таралышы, популяциясынын абалы жана жашоо чөйрөсү боюнча баалуу маалыматтарды топтоп келет. Чогултулган материалдар биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча илимий талдоолорду өткөрүүгө, аналитикалык отчетторду даярдоого жана өлкөнүн жаратылышына мониторинг жүргүзүү ишине өзөктүү негиз болуп берет.

“Экологиялык билим берүү” бөлүмү – келечекке салым



Уюмдун «Экологиялык билим берүү жана коомчулук менен байланыш» бөлүмүнүн адистери Кыргызстандын дээрлик бардык облустарында бала бакчалардагы тарбиялануучулардан тартып, мектеп окуучуларына, Жогорку окуу жайларынын студенттерине жана жергиликтүү тургундарга чейин экологиялык билим берүү иши менен алектенип келишет. Айрыкча билим берүү мекемелери жана өнөктөш уюмдар менен биргеликте экологиялык агартуу жана практикалык иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүшөт.

Акыркы айларда аткарган маанилүү иш-чаралардын бири катары «Ысык-Көл» биосфералык аймагында Эл аралык канаттуулар күнүнө карата уюштурулган окуу-

КҮЖҮРМӨН ЭМГЕГИ

практикалык программасы болду. Ысык-Көл мамлекеттик коругунун кызматкерлери менен биргеликте мектеп окуучулары үчүн теориялык жана практикалык сабактар өткөрүлдү. Катышуучулар канаттуулар дүйнөсү тууралуу маалымат алып, аларды коргоо жана изилдөө боюнча практикалык көндүмдөргө ээ болушту.

Ошондой эле Эл аралык Жер күнүнө карата Балыкчы шаарында экологиялык акция уюштурулуп, «Тоолордун сакчылары: NABU жана Кыргызстандагы илбирсти сактоо» аттуу көргөзмө өткөрүлдү. Аталган иш-чара жаштардын жана жергиликтүү тургундардын илбирсти жана анын жашоо чөйрөсүн сактоо боюнча экологиялык маалымдуулугун жогорулатууга багытталды.

Бөлүмдүн адистери Талас облусунда экологиялык экспедиция уюштуруп, анын алкагында өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын кызматкерлери, жогорку окуу жайлардын өкүлдөрү жана жергиликтүү бийлик органдары менен жолугушуулар өткөрүлдү. Студенттер үчүн экологиялык темада презентациялар уюштурулуп, жергиликтүү калк арасында жаратылышты коргоо жана илбирсти сактоо маселелери боюнча сурамжылоо жүргүзүлдү.



Булардан сырткары, маанилүү иш-чараларынын бири катары – «TerraLab “СУУЛУУ-ТЕРЕК”: студенттик изилдөөлөрдүн аймагы» аттуу экологиялык билим берүү долбоорун атаса болот. Ага Кыргызстандын алты жогорку окуу жайынын студенттери катышты. Кемин районундагы Суулуу-Терек капчыгайындагы талаа практикасында студенттер өз алдынча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, экосистеманы изилдеп, экологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн практикалык тажрыйбасына ээ болушту.

Мындан тышкары, бөлүмдүн адистери ачык сабактарды, экологиялык акцияларды, форумдарды, маалыматтык-агартуу иш-чараларын жана башка демилгелерди өткөрүүгө активдүү катышты. Бул иштер балдар, жаштар жана жалпы эле коомчулук арасында экологиялык аң-сезимди калыптандырууга багытталды.

Реабилитациялык борбор – жаныбарлардын ден соолугунун сакчысы

Уюмдун Чүй облусунун Кемин районундагы Суулуу-Терек капчыгайында жайгашкан жаратылышта жабыркаган жапайы жаныбарларды калыбына келтирүүчү борбору өз милдеттерин так аткарып иштеп жатат. Тактап айтканда, аталган борборго жарадар болгон жаныбарлар алынып келип, калыбына келтирилип, жаратылыштагы өзүнүн жашоо чөйрөсүндө жашап кетүүгө мүмкүнчүлүгү жеткенде кайра кое берилет. Буга чейин реаборбордо дарылап, илбирс, оюу, сүлөсүн, чүткөр сыяктуу көптөгөн жаныбарларды жаратылышка кайра кое берилген болсо, апрель айында бир канаттууну да эркиндикке учурду.

Учурда аталган борбордун кызматкерлери кармалып турган илбирс, сүлөсүн, чаарчык, бүркүт сыяктуу жаныбарларды кароодон сырткары, жаан-чачындын кесепетинен бузулган ички жолдорго кум жана таш төшөп, оңдоо иштерин жүргүзүштү. Жаз алды менен жашылдандыруу максатында өрүк, алма, алча көчөттөрү жана роза гүлдөрү отургузушту. Ушуга окшош тынымсыз жасалчу жумуштарды борбордун кызматкерлери талбай аткарып келишет.

Ал эми уюмдун ветеринардык кызматы реабилитациялык борбордогу жаныбарлардын ден соолугуна тыкыр көз салып, зарыл болгон учурда тиешелүү дарылоо жана алдын алуу иштерин жүргүзүп келет. Быйыл борбордогу бардык жаныбарлардын абалын үзгүлтүксүз көзөмөлдөө, алардын абалын баалоо жана ветеринардык жардам көрсөтүү багытында иштер күчөтүлдү. Ар бир жаныбарга өзгөчө көңүл бурулуп, алардын жашоо шарттары, тамактануусу жана жалпы абалы адистер тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Бул багыттагы иштер мындан ары да улантылып, реабилитациялык борборго алын келинген жаныбарлардын ден соолугун сактоо жана аларга сапаттуу кам көрүү боюнча чаралар күчөтүлө берет.

Реаборбор жана ветеринардык кызматтын аткарган жумушу тууралуу кийинки жолу кенен окуй аласыздар.

Толкунбек Асыкулов:

“Германиядагы башталгыч класстын окуучулары чоңдордун суроосун беришти”

Кыргызстандын экосистемасын коргоого салым кошуп иштеп келаткан NABU Кыргызстан уюмунун мүдүрү Толкунбек Асыкулов жакында Германияга барып, биздин өлкөнүн жаратылышын сактоого салым кошууга байланышкан бир топ маселелерди сүйлөшүп келди. Ошондой эле көптөгөн жолугушууларды өткөрүүдөн сырткары, мектеп окуучуларына Кыргызстандын жаратылышы, анда байырлаган жаныбарлар, айрыкча илбирс тууралуу маалыматтарды айтып, экологиялык сабактарды өткөндө башталгыч класстын окуучулары чоңдордун суроолорун бергенине таң калган. Ал бул сапарында Ысык-Көл биосфералык аймагын түзүп, анын иштеп калышына жана ал ЮНЕСКОнун тизмесине кирип калуусуна түздөн түз тиешеси болгон германиялык профессор, Нобель сыйлыгынын альтернативдүү лауреаты, илимий жетекчиси Михаел Зукко менен 24 жылдан кийин жолугушканын кызыгуу менен айтып берди. Маекке көңүлүңүздөрдү бурабыз.



-Толкунбек Асыкулович, саламатсызбы? Германия сапарыңыз тууралуу айтып берсеңиз, ал жакта кандай багыттар боюнча сөз жүрүп, кандай иштер аткарылды?

-Саламатчылык. Германияда жыл сайын биздин филиалдын аткарган иштери жөнүндө маалымат берип, жылдык отчет катары жыл сайын барып турабыз. Ал жакта, биздин башкы кеңсебиз бар, түрдүү багытта иштеген кесиптештерибиз биздин иштер тууралуу маалымат алганга чакырган болчу. Иш-сапардын алкагында, Берлин шаарында 2-3 презентация жасап, Кыргызстандын жаратылышын сактоо жана ага байланышкан иштерибиз тууралуу кеңири айтып бердим.

Андан сырткары, менин илимий жетекчим Михаел Зукко менен жолугуп келдим. 85 жашка чыгыптыр. Ал профессор агайым экологиялык саясат боюнча Нобель сыйлыгынын альтернативдүү лауреаты. Аны менен жолугуп, Кыргызстандын экологиялык абалы, NABUнун иштери жөнүндө сүйлөштүк.

Ошондой эле, Кёльн шаарынын жанында Дорхмаер деген айыл бар экен, ал жердеги баштапкы мектептердин окуучуларына экологиялык сабак өттүм. Ага 70тей окуучу катышты. Аларга илбирс жөнүндө, анын абалы тууралуу айтып бердим. Илбирстерди коргоо боюнча Кыргызстанда кандай иштер аткарылып жатканы жөнүндө айтып, суроолоруна жооп берип келдим.

-Суроолор тууралуу айтып калдыңыз эле, башталгыч класстын окуучулары жогорку деңгээлдеги суроолорду бере алат экен депчи...

-Ооба, башында илбирс жөнүндө жалпы маалымат берсем деген ой болгон. Бирок 1-2-3-4-класстын окуучулары болсо дагы, экологиялык билими аябай жогору экен. Илбирс жөнүндө чоң куракатагы адамдар берген суроолорду бериштн. Мисалы: илбирстин секиргени, канча ылдамдыкта чуркаганы, кандай оорулар менен ооруганына кызыгышты. Буларды кесипкөй суроолор десе болот. Алар канчалык кызыктуу суроолорду беришсе, ошончолук берилип, презентацияң бай болот да, ошол үчүн башталгыч класстардын окуучулары менен болгон бул жолугушуу аябай кызыктуу болду.

Муну менен эмне айткым келет? Германиядагы экологиялык аң-сезим баланын кичинекей кезинен баштап эле калыптыны баштайт экен. Экологиялык билим берүү дайыма, үзгүлтүксүз берилип тургандыктан, буларда экологиялык аң сезим аябай жогору болуп саналат.

Мындан сырткары, айрым зоопарктарга бардык, жаныбарлардын жашоосу жана аларды кароо боюнча тажрыйба алмаштык.

-Сиздин илимий жетекчиңиз Кыргызстандагы Ысык-Көл биосфералык аймагын түптөлүшүнө салым кошкон адам турбайбы. Аны менен канча жылдан кийин жолуктуңуз жана анын ишмердүүлүгү тууралуу да айта кетсеңиз?

-Негизинен NABU Кыргызстан



-Профессор Михаел Зукко тууралуу айтсак, сөз көп. 1994-жылы Ысык-Көл биосфералык аймагын ачуу боюнча Кыргызстанга чоң долбоор келген. Ошондон баштап биздин байланышыбыз түзүлгөн. Ал мага илимий жетекчи болуп калды, мен Ысык-Көл биосфералык аймагы боюнча диссертациялык ишимди жазып, кийин Германияда окуп, илимий ишимди ошол жакта жактагамын. Илимди жактагандан кийин мен Кыргызстанга баса бердим. Ортодо 24 жыл өтүп кетиптир. Биз өзүбүздүн ишибиз менен, агайым ал жакта өзүнүн иши менен алектенип калды дегендей, ошентип жолуга албай жүрдүм эле. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, 24 жылдан кийин жолугуп келдим.

Ысык-Көл биосфералык аймакты түзүүдө ал чоң ишти аткарган. Учурунда Кыргызстанга келип, Чыңгыз Айтматов менен жолугушуп, Ысык-Көлдү атайын корголуучу табигый аймак кылып түзөлү деп сүйлөшүп, ал маселе мамлекеттик деңгээлде чечилген. Анын алкагында биосфералык аймактар жөнүндө мыйзам кабыл алынып, кийин, 2001-жылы, ЮНЕСКОго да катталган. ЮНЕСКОнун биосфералык аймактар жөнүндө өзүнчө тизмеси бар, анын стратегиясы Сивилия шаарында кабыл алынган. Мээнет акталып, аткарылган иш ЮНЕСКОнун ошол тизмесине катталып калды, бул азыркы учурга чейин өзүнүн ишин аткарып атат. Ошентип профессор Михаел Зукконун бул ишке салымы өтө чоң болгон.

-Жыйынтыктоочу суроо болсун, Германия сапарыңызда дагы кандай ийгиликтер коштолду жана эмне пландар аткарыла турган болду? Дагы кандай маселелер келишилди?

-Негизинен NABU Кыргызстан уюмунун ишин улантуу маселеси каралды. Стратегияны өзгөртүп, ишибиздин айрым жерлерине жаңылыктарды киргизип, жаңы идеяларды кошуу маселелери талкууланды.

Анан келечекте жаратылышты коргоо максатында иштеген Эл аралык IUCN (International Union for Conservation of Nature) деген экологиялык уюм менен биргеликте Бишкекте чоң илимий конференция өткөрсөкпү деп атабыз. Аны өткөрүүнүн максаты бир эле – Кыргызстан бул уюмдун мүчөсү эмес экен, ушунун алкагында биздин мамлекет да ага кирип калабы деген ой. Эгер биздин өкмөт колдоп кетсе, бул дүйнөлүк деңгээлдеги уюмга Кыргызстан да мүчө болуп кирип калат эле. Бул уюмга көпчүлүк өлкөлөр мүчө болушкан. Буйруса ошол конференцияны өткөрсөк, ошондо да жаңы идеялар чыгабы деп атабыз.

-Рахмат маегиңизге, ишиңиздерге ийгилик!

Беттерди даярдаган: А.Каракозуев.

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы Ош шаарынын аймагында төмөндөгү муниципалдык жер тилкелерин жеке менчикке аукцион жолу менен берүү боюнча аукцион өткөрүүгө сынак жарыялайт.

1	И.Закиров көчөсүндөгү №63А дарегиндеги жер тилкеси	158,8	2 223 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
2	Ош көчөсүнүн № 20б дарегиндеги жер тилкеси	37,0	809 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
3	Прибрежная көчөсүнүн №122 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	235,0	2 115 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
4	Манас-Ата МАБынын аймагындагы Аношина көчөсү №92 сандуу дарегинин	91,70	531 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
5	Керме-Тоо МАБынын Р.Абдыкадыров көчөсүнүн №185А сандуу дарегиндеги	100,0	2 500 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
6	Ф.Сайидинов көчөсүнүн №73 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	117,85	825 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
7	Х.Алимжанов көчөсүнүн № 4 сандуу дареги	136,0	1 564 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
8	Ашимахунов көчөсүнүн №38А сандуу дареги	122,0	1 098 000 со	Жеке менчикке бекитип берүү
9	Ашимахунов көчөсүнүн №38 дарегиндеги жер тилкеси	53,22	1 144 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
10	А. Суюмбаев көчөсүнүн №24 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	105,0	1 470 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
11	Бекбалаев көчөсүнүн №12/1 дареги	203,28	3 043 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү
12	С. Айни көчөсү №170 сандуу дареги	105,0	1 620 000 сом	Жеке менчикке бекитип берүү

Башкармалык, Ош шаарындагы эски аялдамаларды бузуп, ордуна жана жер тилкелерге заман талабына ылайык акылдуу аялдамаларды 30 % түзгөн тейлөөчү жайы менен жеңил типтеги конструкциядан куруу боюнча аукцион жарыялайт.

Кошумча талап: Демөөрчүлөрдүн эсебинен курулган аялдамалар, Ош шаарынын мэриясынын токтомунун негизинде, муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алынат, жана баланска алынган аялдама атайын комиссиянын чечимине ылайык ижара шартында берилет.

Лот №	Жер тилкенин дареги	Максаты	Тейлөөчү жайы менен ялдаманын жалпы аянты (тейлөөчү жайы) (м2)	Старттык баасы бир айга (сом)
1	И. Раззаков көчөсүндөгү н-ж дарегиндеги болжол “МПА” май куюучу жайынын бет маңдайында	Аялдама куруу үчүн	38,8 (11,64)	2522 бир айлык
2	Алымбек-Датка көчөсүндөгү Ныязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын жанында (түштүк багыты) жайгашкан	Аялдама куруу үчүн	30,0 (9,0)	2730 бир айлык
3	Т. Касымбеков көчөсүндөгү “Манас” айкелинин күн чыгышты карай жайгашкан	Аялдама куруу үчүн	60,0 (18,0)	3900 бир айлык
4	А. Мамыров көчөсү Фархад чайканасынын жанындагы	Аялдама куруу үчүн	24,5 (10,5)	3185 бир айлык

Аукцион катышуучулар төмөндөгү дарекке кайрылышат: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын имараты, Заднепровский көчөсү № 4 (2-кабат, 5-каана).

1. Физикалык жактар үчүн паспорттун көчүрмөсү.

2. Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же каттоо жүргүзүүчү каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө конкурс үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.

3. Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик төлөм жана коюлган лоттун башталгыч баасынын 0,5% өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөгөндүгүн тастыктаган документтер.

4. Аукционго катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен.

Аукционго өткөрүү күнү гезитке жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күндүк мөөнөт өткөндөн кийин конкурс өткөрүлөрүн маалымдайбыз.

Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы ал же тигил объектини (мүлктү) аукцион белгиленген күнгө 3 күн калганга чейин аукционду алып салууга укуктуу.

Көңүл буруңуздар: Аукцион өткөрүү күнү гезитке жарыя чыккан күндөн баштап, 30 (отуз) күн мөөнөттөн өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөт.

Аукционго бардык физикалык жана юридикалык жактар, алардын ичинде аукционго өткөрүүгө 1 (бир) күн калганда аукционго катышуу туурасында арыз берген жактар катыша алат.

Аукционго катышууну каалагандар, өздөрүнүн өкүлдөрү (ишеним кат) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы Ош шаарынын аймагында төмөндөгү аймактарга ЛЭД-экран орнотуу үчүн сынак жарыялайт.

Лот №	Жердин дареги	Максаты	Жер тилкенин аянты (м2)	ЛЭД-экрандын аянты (м2)	Старттык баасы бир жылга (сом)
1	С. Вахапов көчөсүнүн н-ж дарегинде көпүрө тарабында жайгашкан	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
2	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 15 дарегинин жанында жайгашкан	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
3	Көкүм-Бий көчөсүндөгү “Жаннат” мейманканасынын жанында жайгашкан	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
4	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 168 дарегинин жанында жайгашкан	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
5	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 132 Б дарегинин (болжол Жапалак унаа базарынын экинчи аркасы) жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
6	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 108 а дарегинин (болжол “Автомойка) жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
7	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 124 в дарегинин (болжол Жапалак унаа базарынын биринчи аркасы) жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
8	Алымбек-Датка көчөсү менен Ж.Калмаматов көчөсүнүн кесилишинде жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
9	Тилеке Баатыр көчөсүнүн № 10 дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
10	Тилеке-Баатыр көчөсүнүн № 28 дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
11	Г.Айтиев көчөсүндөгү № 21 даректеги көп кабаттуу үйдүн жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	84 552 Бир жылдык
12	Г.Айтиев көчөсүнүн №147 дарегинин жанында (болжол Чкалов көчөсү менен кесилишинде) жайгашкан	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
13	Н.Исанов көчөсүнүн №54а дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	6,46	53721 Бир жылдык
14	Көкүм-Бий көчөсүнүн №57Б дарегинин жанында жайгашкан жер тилке	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	2,0	11,51	76813 Бир жылдык
15	Алымбек-Датка көчөсү болжол борбордук аянт	Жарнамалык ЛЭД-экран орнотуу үчүн	279,0	336,0	3 217 322 Бир жылдык

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы Ош шаарынын аймагынан төмөндөгү муниципалдык жер тилкелерин аукцион жолу менен убактылуу ижара шартында пайдалануга берүү боюнча аукцион өткөрүүгө сынак жарыялайт.

Лот №	Жер тилкесинин дареги	Аянты (чарчы метр)	Ижара акысы (сом)	Багыты	Мөөнөтү
1	Көкүм-Бий көчөсү № 95А сандуу дареги	7722,07 чарчы метр	6 505 653 сом	Кичи базар	1 жыл
2	Көкүм-Бий көчөсү № 95А сандуу дареги	6741,60 чарчы метр	5 679 124 сом	Кичи базар	1 жыл
3	Көкүм-Бий көчөсү № 95А сандуу дареги	8090,58 чарчы метр	10 904 928 сом	Коммерци ялык багыт	1 жыл
4	Целинная көчөсү менен Кыргыз ССР ине 60 жыл көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан	60,0 чарчы метр	121 306 сом	Женил конструкц иядан соода павильон орнотуу	1 жыл
5	Көкүм-Бий көчөсү №41 сандуу дарегинде жайгашкан (болжол Хан-Ордо ресторанынын мандайы)жер тилкеси	147,5	10 620 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	1 жыл
6	М. Бегиев көчөсүнүн № 2 сандуу дарегиндеги турак үйдүн жанындагы жер тилкеси	144,0 чарчы метр (1. 72,0 чарчы метри женил конструкциядан ссода павильон 2. 72,0 чарчы метр унаа токтотуучу жай)	184 384 сом	Женил конструкциядан соода павильон орнотуу, унаа токтотуучу жай	1 жыл
7	Р. Юнусов көчөсүнүн (болжол облустук балдар туберкулездук ооруканын жаны)	35,0 чарчы метр аялдама 30% тейлөөчү жайы менен (15,0)	3 250 сом (1 айлык ижара акысы)	Аялдама куруу	1 жыл
8	Р. Юнусов көчөсүнүн №1-1 дарегиндеги “Алтын-Сарай” кафесинин түштүк-батыш тарабында жайгашкан	358,0 чарчы метр	144 144 сом	Унаа токтотуучу жай уюштуруу	1 жыл
9	№113 көчөсүндө жайгашкан №41А дарегиндеги турак үйүнүн батыш тарабындагы	960,0 чарчы метр	86 400 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	3 жыл
10	Ишкаван айылынын Жаштар көчөсүнүн №13 дарегиндеги жеке турак үйдүн жанындагы жер тилкеси	1045,0 чарчы метр	56430 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	3 жыл
11	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/33 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	314,81 чарчы метр	589 324 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
12	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/35 сандуу дарегиндеги	400,14 чарчы метр	749 062 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
13	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/37 сандуу дарегиндеги	322,9 чарчы метр	604 469 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
14	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/38 сандуу дарегиндеги	765,69 чарчы метр	143 337 сом	Өндүрүштүк багыт	1 жыл
15	Көкүм-Бий көчөсүнүн № 95А/39 сандуу дарегиндеги жер тилкеси	1188,04 чарчы метр	2 224 011 сом	Коммерциялык багыт	1 жыл
16	Т. Кулатов кичи шаарчасы (болжол Ош шаардык стоматологиясы)	2037,2 чарчы метр	183 360 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу (сквер, тротуарларды, отургучтар)	5 жыл
17	Н. Исанов көчөсүнүн чыгыш тарабында жайгашкан	12974,88 чарчы метр	467 100 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	3 жыл
18	Эделвейс конушу №6 көчөсү №1 дареги	225,65 чарчы метр	40 617 сом	Көрктөндүрүү жана жашылданыдруу	3 жыл
19	Т. Салиев көчөсү	2160,0 чарчы метр	116 640 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	3 жыл
20	Ош шаарынын А. Саргалчаев	59,50 чарчы метр	21 420 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	5 жыл
21	№187а кварталындагы №82 дарегиндеги үйүнүн жанынжа жайгашкан	661,5 чарчы метр	23 814 сом	Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу	1 жыл

Аукционго катышуучулар төмөндөгү дарекке кайрылышат:

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын имараты, Заднепровский көчөсү № 4 (2-кабат, 5-кана).

Физикалык жактар үчүн паспорттун көчүрмөсү .

Юридикалык жактар үчүн нотариалдык каттоо жүргүзүүчү каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө аукцион үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт. Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик төлөм жана коюлган лоттун башталгыч баасынын 0,5 % өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөгөндүгүн тастыктаган документтер. Аукционго катышуу туралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен. Аукцион өткөрүү гезитке жарыя чыккан күндөн баштап 30 (отуз) күндүк мөөнөт менен өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөөрүн маалымдайбыз.

Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы ал же тигил объектини (мүлкү) аукцион белгиленген күнгө 3 күн калганга чейин аукционду алып салууга укуктуу.

Көңүл буруңуздар: Аукцион өткөрүү күнү гезитинин жарыя чыккан күндөн баштап 30 (отуз) күн мөөнөттөн өткөндөн кийин аукцион өткөрүлөт. Аукционго бардык физикалык жана юридикалык жактар, алардын ичинде аукцион өткөрүүгө 1 (бир) күн калганда аукционго катышуу туурасында арыз берген жактар катыша алат. Аукционго катышууну каалагандар, өздөрүнүн өкүлдөрү (ишеним кат) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Т. Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7-13-34**
Жооптуу катчы: **7-10-02**
Жарнак бөлүмү: **7-11-31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 780
Нускасы: 2200

ЭЛДИН ИШЕНИМИН АКТАГАН ЖЕТЕКЧИ

Берекелүү, ырыскыга бай, элдердин ортосундагы ынтымактуулукту, достукту, меймандостукту бекем туткан Ноокат районундагы Гулистан айыл өкмөтүндөгү аткарылып жаткан иштер туурасында айтмакчыбыз. Гулистан айыл өкмөтү Ноокат шаарынын борборунда жайгашкан. Даталуу күндөрдө өткөрүлүүчү ар кандай майрамдардагы иш-чараларга активдүү катышышат. Айыл аймагында жашашкан калктын саны-25519ду түзөт. Жалпы билим берүүчү 5 мектеп, 2 балдар бакчасы, 2 ФАП бар. Бир маданият үйү иштейт. Гулистан айыл өкмөтүнүн башчысы Шүкүрилло Иномжанович Саттаров жергиликүү өз алдынча башкаруу тармагында жоопкерчиликтүүлүк менен эмгектенип келе жатат. Өзгөчө, айылдын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө, калктын жашоо-шартын жакшыртууга, инфратүзүмдү өнүктүрүүгө көңүлүн бурат. Жетекчи катары эл менен тыгыз байланышта болуп, элдин арасындагы көйгөйлүү маселелерди угуп, мыйзам чегинде чечүүгө аракет кылат. Ш. Саттаровдун демилгеси менен көрктөндүрүү, жолдорду ондоо, таза суу жана агын суу, социалдык обьектилерди жакшыртууга жана башка долбоорлорду иш жүзүнө ашырылып келе жатат. Быйылкы жылы Гулистан айыл өкмөтүнүн менчигинде турган заводдо 300 орундуу тигүү цехи ачылып, калктын кызматында иштеп жатат.

Ошондой эле айыл өкмөтүнүн аймагындагы Р. Хужамов жана Чили –Сай орто мектептерине электр энергиясын үнөмдөө максатында күн панелдери орнотулган. Мектептер толугу менен электр энергиясы менен жылытылат. Айыл өкмөтүнүн аймагында 2 жеке менчик мектеп ачылды. Балдар бакчасы жетишсиз болгондуктан, 2 балдар бакчасын куруу иштери пландаштырылууда. Жеке ишкер тарабынан балдар бакчасын куруп берүү үчүн иш-кагаздары документтери даярдалууда. Өзүнүн жеке жер үлүшүнө балдар бакчасын куруп берип, мамлекеттин эсебине өткөрүп берүү алдында турат. Экинчи ишкер дагы Гулистан айыл өкмөтүнүн аймагына 150 орундуу балдар бакчасын куруп берүүгө аракетин жумшоодо. 2026-жылдын алты айынын ичинде Муниципалдык ишкана түзүлүп, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүдө.

Айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы

2025-жылдын 12 айына берилген план 32 млн. 914 миң 900 сом болсо, аткарылганы 33 млн. 579 миң сомду түздү. Гулистан айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-айында бюджеттин аткарылышы ашыгы менен 102 % аткарылды. Айыл өкмөтүнүн бюджети боюнча өзүн- өзү камсыз кылууда 2025-жылда жыйынтыгы 100 % түздү. Гулистан айыл өкмөтүнүн 12 айында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө бир катар ийгиликтүү иштер аткарылды.

Өнөр жай тармагы

Гулистан айыл аймагында ишкердик чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча айыл өкмөтүндө атайын иш-чаралар кабыл алынган. 2025-жылдын декабрь айында Чоң-Кыштоо айылындагы Курак- Тектир-2 кичи ГЭСтин ачылышы болуп өттү.



Курак - Тектир кичи ГЭСинин сметалык баасы 800 миң долларды түзөт. Бүгүнкү күндө 8 жумушчу иштеп жатат. ГЭСтин ачылышына Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнөн жана Ноокат райондук мамлекеттик амнистрациясынан өкүлдөр катышты.

2025-жылдын 12 айында айыл аймагында калкты турмуш тиричиликке керектелүүчү материалдарды сатуу жана тейлөө кызматтары боюнча 6 даана жаны ишкердик субьекти ачылды. Пластик эшик жана терезе жасоочу цехтер, Азык түлүк дүкөнү, унаа жуучу жай, Соода борбору, дүкөн ишке кирди. Өнөр жай тармагында иштеп чыгарылган продукция планы 15 млн. 400 сом болсо, 2025-жылдын 12-айында өнөр жай продукциясын иштеп чыгаруу 15 млн. 465 миң сомду түздү. 2025-жылдын 12 айында ишкердик чөйрөсүндө жана өнөр жай тармагында кошумча 20 жумушчу орундар түзүлдү. Бүгүнкү күндө айыл аймагындагы жеке ишкерлердин саны 161ге жетет.

Ветеринария жана сугат суу

Гулистан айыл өкмөтүнүн ветеринария тармагы боюнча Ноокат ветеринария бөлүмү тарабынан берилген план тапшырмалар өз убагында сапаттуу аткарылып жатат. Тактап айтканда, мал жандыктар эмдөөдөн өткөрүлдү. Гулистан айыл өкмөтүнүн алдындагы АСИР суудан пайдалануучулар ассоциациясынын 2025-жылдагы бюджети 1 млн. 459 миң сомду түзсө, аткарылганы 1 млн. 300 миң сомду түздү. Айыл аймагында 16 км. ички каналдар болуп, 2025-жылда 6 км. ички каналдар АВП бюджетинен 420 миң 600 сом жана элдин салымы 1 млн. сом менен аткарылган.

Күз-кыш мезгили жакшы өттү

2025-2026-жылдардын күз-кыш мезгилин уюшкандыкта өткөрүү боюнча айыл өкмөтү бир топ алгылыктуу иштерди аткарды. Айыл аймагындагы бюджеттик мекемелерди көмүр отун менен камсыз кылуу максатында 2025-жылдын 8-августунда тендер жарыяланган. Жалпысынан 380 тонна көмүргө жарыя берилди. 2025-жылдын 18-августунда ОсОО “Нурс-Капитал” жеке фирмасы женүүчү деп табылды. Мындан сырткары, айыл аймагындагы бюджеттик мекемелердин от казандарынын жылытуу системаларын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн күзкыш боюнча штаб мүчөлөрү тарабынан август айында атайын текшерүү жүргүзүлүп, акттар түзүлгөн. Тактап айтканда, аймактагы Режап Хужамов жана Гафур Гулям атындагы орто мектептердин от казандары жараксыз болуп калгандыктан жергиликтүү бюджеттин эсебинен 900 миң сом, жергиликтүү тургундардын эсебинен 500 миң сомдук жумуштар аткарылып, жаңы от казандар курулуп пайдалануюга берилди. Элди көмүр отун менен камсыз кылуу максатында айыл аймагынын 2 жерине социалдык көмүр базаларын түзүү боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү

Гулистан айыл өкмөтү 2025-жылдын 1-мартынан 31-майына чейин жарыяланган үч айлыкта бир топ ийгиликтүү иштерди аткарды. Жашыл Мурас программасынын алкагында Гүлистан айыл өкмөтү 2025-жылдын 3 айында муниципалдык менчик обьектилерине 618 даана ийне жалбыактуу көчөттөр отургузулду. Ал эми жергиликтүү калк тарабынан 9537 даана ар түрдүү мөмөлүү көчөт отургузулду. Жалпы аянты 1,5 гектарды түздү. Жашыл Мурас программасынын алкагында тигилген бак- даректардын жалпы суммасы 1 млн. 681 миң 200 сомду түздү. Мындан сырткары, айыл аймагын көрктөндүрүү, таштандыларды тазалоо, ички көчөлөрдү тартипке келтирүү максатында ар жуманын ишемби күндөрү тазалык күнү уюштурулду.

Ички жолдор ондолду

Ички жолдорду ондоо жаатында бир топ иштер аткарылды. Атап айтканда, Беш-Коргон айылынын Жаңы -Абад-2 көчөсүнүн 300 метр аралыгы мамлекеттик түрткү берүүчү гранттын эсебинен 2 млн. 100 миң сом, ал эми жергиликтүү бюджеттин эсебинен 200 миң сом бөлүнүп, жумуш толугу менен аткарылды. Мындан сырткары, Бостон айылындагы жалпысы 6 км. 200 метр аралыктагы ички көчөлөрдө сметалык баасы 37 млн. 600 миң сомдук иштер аткарылды. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 5 млн. 700 миң сом бөлүнүп берилди. Фрунзе айылындагы Кара- Турпак участкасында жалпы 2 км. 300 метр аралыктагы ички көчөлөрдө жергиликтүү тургундардын акча каражаттарынын эсебинен 12 млн. 500 миң сомдук жумуштар жасалды.

Социалдык-экономикасы өнүгүү

Гулистан айыл өкмөтү социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жакшыртуу максатында жер -жерлерде бир топ иштер аткарылды. 2025-жылдын 12 айында айыл өкмөтүндө 51 тендер жарыяланган. Бул тендерлер айыл өкмөтүндөгү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жарыяланып, толугу менен коюлган тапшырмалар аткарылды. Иштер айыл аймагындагы ички көчөлөргө шагыл төшөө, элди электр энергиясы менен камсыз кылуу, аймактагы жаңы конуштарды ичүүчү таза суу менен камсыздоо, билим берүү тармагындагы көйгөйлөрдү чечүү максатында ат карылды. Ошондой эле түнкү жарыктандыруу чырактарын орнотуу, бала-бакчаларды ысык тамак менен камсыздоо, социалдык объектилерди куруу, билим берүү мекемелеринин күз-кыш мезгилине даярдыктарын ишке ашыруу, жакырчылыкты жоюу, айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу багытында иш жүрдү.



Мисалга алсак, Чили-Сай дарыясындагы “Орто -Арык” жана “Дам -Арык” суу бөлүштүрүү дамбасын кайрадан курууга 785 000 сом бөлүнүп, дамба курулуп бүткөрүлдү жана Бостон айылынын Бахор көчөсүн асфальттоо үчүн 700 000 сом акча каражаты жумшалды. Ошондой эле социалдык обьектилерди жылытуу үчүн көмүр сатып алууга 1 422 000 сом акча каражаты жумшалды.

Бурма Ысакова.